КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
МОСКВА РАЙОНУ
МИҢ-БУЛАК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МОСКОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
МИН-БУЛАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ № 27
## Миң-Булак айыл аймагынын I-чакырылыштагы Кеңешинин кезексиз сессиясы

2025-жылдын 17-январы — Садовое айылы

**«Таза Булак» муниципалдык ишканасынын 2024-жылдын 7 айда аткарылган иштери жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» №123 Мыйзамынын ылайык, Кеңештин жеке турак жай куруу, муниципалдык менчикте турган кыймылсыз мүлк обүектилерин, жер участокторун сатуу жана ижарага берүү боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 10-январындагы корутундусунун, өнөр жай, транспорт маселелери, кичи жана орто бизнести өнүктүрүү, суу ресурстары жана тартип сактоо боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 15-январындагы корутундусун угуп чыгып, «Таза Булак» муниципалдык ишканасынын директорунун 2024-жылдын 7 айда аткарган иштери боюнча маалыматын талкуулап чыгып, Миң-Булак айыл аймагынын Кеңешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ

1. «Таза Булак» муниципалдык ишканасынын директорунун муниципалдык ишканасы менен 2024-жылдын 7 айда аткарган иштери боюнча маалыматы эске алынсын.
2. «Таза Булак» муниципалдык ишканасынын директору Р.М.Шамуза:
   - Таштандыларды чогултуу, чыгаруу жана жок кылуу боюнча абоненттердин санын көбөйтсүн, катуу тиричилик калдыктарын абоненттерден чыгаруу иштерин өз убагында жүргүзсүн.
   - Муниципалдык ишкананын жумушчуларына эмгек акы карыздарды төлөп берүү боюнча катуу чараларды көрсүн.
3. Ушул токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү Кеңештин бюджет, каржы, инвестиция жана гранттык долбоорлор боюнча туруктуу комиссиясына, Миң-Булак айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Ж. Азыбековко жүктөлсүн.

**Төрайым** — **Асадова А.К.**

Scanned with CamScanner